**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЖАҢЫ МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ**

И. Арабаев атындагы КМУнун
ЖМТИнин Окумуштуулар кеңешинин
жыйынында макулдашылды
Протокол № 1

**БЕКИТЕМИН**
**ЖМТИнин ОКнын төрагасы**
**т.и.к., доц.м.а. Керимов У.Т.**
«03» 09 2025-ж.

# БӨЛҮМ БАШЧЫСЫНЫН КЫЗМАТТЫК НУСКАМАСЫ

I. Жалпы жоболор
- Бөлүм башчысы университеттин академиялык түзүмдүк бөлүмүнүн жетекчиси болуп саналат жана түздөн-түз институттун директоруна баш ийет.
- Бөлүм башчысы ректордун (же директордун) буйругу менен дайындалат жана кызматтан бошотулат.
- Өз ишинде Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы мыйзамдарын, университеттин уставын, ички тартип эрежелерин, буйруктарды жана ушул кызматтык нускаманы жетекчиликке алат.
- Бөлүм башчысы бөлүмдүн окуу-методикалык, илимий, тарбиялык жана уюштуруучулук иштеринин жалпы абалы үчүн жооп берет.

II. Негизги милдеттери
- Бөлүмдүн окуу процессин уюштуруу жана анын сапатын камсыз кылуу.
- Окуу пландарын, окуу программаларын жана методикалык материалдарды иштеп чыгуу жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө.
- Сабак жүктөмүн бөлүштүрүү жана окутуучулардын ишин координациялоо.
- Сабактардын сапатын, студенттердин билим деңгээлин текшерүү жана жыйынтыктарды талдоо.
- Бөлүмдүн илимий жана методикалык иштерин уюштуруу, илимий долбоорлорго жетекчилик кылуу.
- Бөлүмдүн мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатуу иштерин камсыз кылуу.
- Бөлүмдүн жылдык иш-планын түзүү жана отчетторду өз убагында тапшыруу.
- Бөлүмдүн жыйындарын өткөрүү, чечимдерди кабыл алуу жана алардын аткарылышын камсыз кылуу.
- Студенттердин тарбиялык иштерин уюштуруу, академиялык чынчылдыкты жана тартипти сактоону көзөмөлдөө.
- Университеттин башка түзүмдүк бөлүмдөрү, мамлекеттик жана коомдук уюмдар менен өз ара кызматташуу.

III. Бөлүм башчысынын укуктары
- Бөлүмдүн ишмердүүлүгүнө байланыштуу маселелер боюнча сунуштарды киргизүү.

- Бөлүмдүн ишин жакшыртуу боюнча методикалык жана уюштуруучулук чечимдерди кабыл алуу.
- Бөлүмдүн мүчөлөрүнө милдеттерди бөлүштүрүү жана алардын аткарылышын талап кылуу.
- Университеттин жыйындарына, комиссияларына жана кеңештерине катышуу.
- Бөлүмдүн материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү боюнча сунуштарды берүү.

IV. Жоопкерчилик

Бөлүм башчысы төмөнкүлөр үчүн жооп берет:
- Окуу, илимий жана тарбиялык иштердин сапаты жана жыйынтыктары үчүн;
- Бөлүмдүн документтеринин өз убагында жана туура жүргүзүлүшү үчүн;
- Университеттин ички тартип эрежелеринин жана мыйзамдардын сакталуусу үчүн;
- Бөлүмдүн кызматкерлеринин иш тартиби жана дисциплинасы үчүн;
- Материалдык баалуулуктардын туура колдонулушу жана сакталуусу үчүн.

V. Иш байланыштары
- Окуу бөлүмү, илимий бөлүм, кадр бөлүмү жана башка түзүмдөр менен кызматташат;
- Студенттер, аспиранттар жана окутуучулар менен түздөн-түз иш алып барат.

VI. Кызматтык иерархия

Түз башчысы: институттун директору.

Көзөмөлүндөгүлөр: бөлүмдүн окутуучулары, жардамчы кызматкерлер.

VII. Жумуш шарттары
- Бөлүм башчысы жумуш убактысын окуу жүктөмүнө жана университеттин ички тартибине ылайык жүргүзөт.
- Зарыл учурда университеттин жыйындарына, иш-чараларына, конференцияларына катышат.

ЖМТИнин ОКББ бөлүмүнүн башчысы: Сейтказиева Н.С.